

**Бозум Алышбаев**

# Мен көргөн кызыктар





# Ызгыт

Жай айлары эле. Ойноп жүрүп чөп чабылуучу саздак жерде бир ызгыт жаш балапандары менен жайылып жүргөнүн көрүп калдым.

Анын балапандарын кармалап көрөйүн деп жүгүрүп бардым. Мен жакындаганда, энеси уча качып, балапандары көрүнбөй калды. «Эми эле ушул жерден балапандарды көрбөдүм беле» – деп, тегеренип издей баштадым. Бирок эч нерсе көрүнбөйт. Балапандардын энеси үстү жагымда башыма урунчудай болуп ары-бери чыйпылдап учуп жүрөт.

Бир учурда жыңайлак бутума жылуу, жумшак бир нерсе урунгандай болду. Карасам, жылкынын кургаган тезегине окшош бир тоголок нерсе жатат. Колума алып карасам, мен издеген балапандардын бири экен.

Ушундай кичинекей, жылуу, жумшак, назик, татынакай жандыкты энесинен ажыратып жатканыма өзүмдү күнөөлүү сездим. Балапанды жерге коё берип, ал жерден кеткенче шаштым.



2020
КАРА-КӨЛ ШААРДЫН
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ
Инв. №



# Өрдөк

Бир күнү кашатка чыга калсам, жээгинде майда камыш өскөн кара суу-да жапайы каркылдак өрдөк балапандары менен сүзүп жүрүптүр. Балапандарынан кармап алып, үйдө багайын деген ойго келдим.

Жүгүрүп барсам, чүрөк өрдөк учуп кетип, балапандарынан дайын чыкпай калды. Ары издейм, бери издейм, суунун түбүн карайм, жээктерди карайм, эч бирин таппадым. Айлам түгөнгөндө, камыштын арасына үнчүкпай, кыймылдабай жатып калдым.

Бир оокумда чүрөк өрдөк каркылдап учуп келип, сууга конду. Энесинин дабышын уккан балапандар ошол эле мен темселеп издеп жүргөн жерлерден чыгып чогула башташты. «Эми алардын жашынчу жерин даана билдим го» – деп тура калсам, энеси учуп кетти. Балапандарын болсо мурункудай эле таппай калдым.

Ушул окуядан кийин жапайы өрдөктүн балапандары душмандан кутулуш үчүн жашынып каларын, өңү дагы ошол байыр алган чөйрөсүнө окшош болорун билдим. Жаңы эле жарык дүйнөгө келсе да, алар энесинин кандайдыр бир белгиси менен бөгүп жашынып калат экен. Кайра энесинен тиешелүү чакырык болгуча козголбой жата берерине таң калдым.





# Үпүп

Жайында Ысык-Көлдө Жыргалаң суусунун жээгинде ойноп жүргөм. Бир жардын боорундагы оюкка сасык үпүптүн учуп кирип кеткенин көрдүм.

Үпүптүн кооз болгон сары-чаар өңү, таажысы, бирде өйдө, бирде төмөндөп учканы кызыктуу эле. Аны жакындан көргүм келчү.



Үпүптү уясынан кармап алып, жакындан шашпай карап көргүм келди. Жүгүрүп жетип, жарга жармашып чыга баштадым. Акыры уяга жетип, колумду сала баштасам, «шарт» дегендей дабыш угулуп, укмуштуудай сасык жыт каптап кетти. Көңүлүм айнып, жардын боорунан кандай жылмышып түшүп кеткенимди дагы байкабай калыпмын. Эсимди жыйып, көзүмдү ачсам, жардын түбүндө жатам. Каңылжарды өрдөгөн сасык жыт бир топ убакытка чейин кетпей турду.

Окуяга толук түшүнө бербей, үйдү көздөй жөнөдүм. Кийин билсем, сасык жыт үпүптүн коргонуу куралы экен. Ал өзүнө кол салган жандыктарды сасык жыты менен качырат турбайбы. Үпүптүн «сасык үпүп» деп аталып калышы дагы ошого байланыштуу экен.





# Кумурска

Кумурскалар уясын салганда эсеп жүргүзүп салышат деп айтышат. Эл арасында да «Кумурска санак билет» – деген сөз бар. Муну билиш үчүн бир чоң ташты оодарып, анын астындагы кумурсканын беш жумурткасын алдым. Кагаздан кичинекей куту жасап, кумурска кирип-чыга ала тургандай бир жерине тешик калтырдым. Кагаз кутунун ичине беш жумуртканы салып, башка кумурсканын уюгуна алып барып койдум. Көпкө чейин кутучанын жанында карап отурдум.

Бир мезгилде бир кумурска кутучага кирди. Ал кутунун ичинде жаткан жумурткаларды аралап көрүп, бирөөнү көтөрүп жолуна түштү. Бир аздан соң төрт курмурска келип, калган төрт жумуртканы көтөрүп кетишти. Ушундан кийин баягы биринчи кумурска калган төрт жумуртканы санап кетип, ошого чактап төрт кумурсканы жиберген го деп ойлоп калдым.





# Кочкор

Жай мезгилинде жайлоодо элек. Короодогу койду аралап, бир эчкини саадырганга жетелеп бараткам. Туура маңдайыма чыгырык мүйүз ак кочкор туруп калыптыр. Мен жетелеп бараткан эчкимдин башын ийип, ал кочкорду сүздүрүп-сүздүрүп койдум.

Анан башка эч нерсе ойлонбой эле кетип баратсам, баягы кочкор аркамдан келип, катуу күч менен сүзүп жиберди. Ыргып барып жыгылып, бакырып ыйлай баштадым. Боз үйдө отурган атам сыртка чыга калып, менден эмне болгонун сурады. Мен өзүмдүн тийишкенимди айтпай эле, кочкордун сүзүп жибергенин айттым. Атам таяк менен ал кочкорду чаап, айдап жиберди.

Ошол окуядан кийин кочкор мени көрсө эле качырып келип сүзө турган болду. Сыртка чыксам эле: «Ак кочкор жокпу?» – деп коркуп турчу болдум. Көрсө жаныбарлар да таарынычын унутпай, өзүн коргошот тура. Ушул окуядан кийин айбанаттар адамга өчөшүп, өч алууга далалат жасаарын байкап калдым.



КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
АБОНЕМЕНТ БӨЛҮМҮ

150 сом

УДК 821.51-93
ББК 83.8
А 59

**Алышбаев Бозум**
**А 59** **Мен көргөн кызыктар** / Сүрөтүн тарткан К.Рымбек. – Б.: «Таалим-Форум» КФ, 2019. – 10 б.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

ISBN 978-9967-15-892-4

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - **2.1 деңгээли**
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

www.taalimforum.kg
taalimforum@gmail.com
+996 (312) 298 681

Дизайнери: *А. Мадлымбекова*

А 4803300100-19
ISBN 978-9967-15-892-4

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© «Таалим-Форум» КФ, 2019

Заказ № 1990. Нускасы 1056.
«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький көчөсү, 1



Бул китеп АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында иштелип чыгып, АКШнын айыл чарба департаментинин (USDA) каржылоосу менен Мерсико (Mercy Corps) уюму тарабынан ишке ашырылып жаткан Макговерн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» Программасынын алкагында басылып чыгып, таркатылды.

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосунун натыйжасында мүмкүн болду. Китептин мазмуну АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.